Казаалы Абиров атындагы орто мектебинин жалпы  ата-энелердин чогулушунун

ПРОТОКОЛУ №

21-ноябрь 2018-жыл

Чогулушка катышкандардын саны — 83

Чогулуштун жетекчилери: Мектеп директору С.Осмонов

Уюштуруучу,соцпедагог В.Өмүрова

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1. Жугуштуу оорулардын алдын алуу жана коомчулукка кургак учук боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жөнүндө**

**Чогулуштун жүрүшү:**

**Нарын райондук бириктирилген ооруканасынын башчысы С.Сырдыбаева** ата-энелерге жана мектеп окуучуларына жугуштуу оорулар жана алардан сактануу жолдору жана бүгүнкү күндө актуалдуу болуп жаткан кургак учук оорусу жана андан сактануу боюнча кенири маалымат берип өттү жана айыл тургундарына жана мектеп окуучуларына врачтар слайд көргөзүп,кургак учук жөнүндө кенири маалымат беришти.

Айылдагы бир тургундун үй-бүлөсүнөн кургак учук чыккандыгы аныкталып,мектепте окуган 4 баласы жана алардын атасы доктурга жаткырылгандыгын, мектепте атайын профилактикалык иштер жүргүзүлүп жаткандыгын билдирди.

Профилактикалык текшерүүдө мектеп окуучуларына жасалган кургак учукту аныктоо вакцинасынын жыйынтыгында мектептен 8 баланыкы шектүү болуп,кайра текшерүүдөн өтүп, мектеп боюнча үйдөн дарылануга алныган 3 бала , атайын доктурга жаткырылган 5 окуучу болду. Ал эми айыл элин флюрографияга тарткан учурда кооптуу факт аныкталган жок.

Айыл эли кургак учук оорусунун кооптуу экендигин билгендиктен, жогоруда айтылган кургак учук менен жабыркаган үй-бүлөнүн апасы айылда ээн-эркин басып жүрөт, кургак учук таратуучу болуп эсептелбейби деген суроосу менен врачтарга суроо менен кайрылды. Врачтар ал адам текшерүүдөн өткөндүгүн жана ал таза чыккандыгын билдиришти.

**Мектеп директору С.Осмонов** жугуштуу оорулар жана алардан сактануунун жолдору боюнча ар бир класс жетекчи ачык сабактарын өтүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жаткандыгын билдирди.

ТОКТОМ кылынды:

1. Жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин күчөтүү

2. Кургак учукка шектүү деп дарылануудан өтүп жаткан окуучуларды көзөмөлдөө жагы айылдык ФАП кызматкери С                    жүктөлсүн

3. Ата-энелер балдарынын ден соолугуна кам көрүп, балдарын тыкыр күөзөмөлдөөгө алуу жагы тапшырылды

Мектеп директору: С.Осмонов

Катчы: А.Жунусова